Мектеп тең башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу жылынын башында аныкталат.

**5.3. Мектепте түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат.**

Мектеп директору Өзгөн райондук билим берүү бөлүмү тарабынан КРнын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат, которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.

Мектеп директору менен 5 жылга чейинки мөөнөткө, бирок катары менен экиден ашык эмес мөөнөткө эмгек келишимин түзөт.

Директорлук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, Кыргыз Республикасынын жараны, жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону, мектепте билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген жаран дайындалат.

*(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-сентябрындагы № 535 токтомунун редакциясына ылайык)*

**5.4.** Директордун орун басарын жана материалдык жоопкерчиликтүү кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу мектеп директорунун сунуштамасы боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү органы тарабынан жүргүзүлөт.

Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну мектеп директору КРнын Эмгек кодексине ылайык жүргүзөт.

**5.5.** Мектеп директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) мамлекеттик жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана мектептин уставына ылайык жекече түрдө жооп тартат.

**5.6.** Директордун орун басарларынын жана мектептин башка кызмат адамдарынын ыйгарым укуктары ушул кызмат адамдарынын функционалдык милдеттери жөнүндө Жобого ылайык директор менен аныкталат

**5.7.** Директор:

- КРнын Конституциясынын, КРнын «Билим берүү жөнүндө» жана «Мугалимдин статусу жөнүндө» Мыйзамдын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат;
- Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте мектептин негизги өнүгүү багыттарын аныктап ишке ашырат;
- Жарандардын билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
- Административдик аткаруу органдарына жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт.
- Мугалимдерди жана техникалык персоналдарды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт.
- Билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөгө ашырат.
- Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги мектеп программаларынын чегинде окуучулардын билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат.
- Класстан тышкаркы иштердин мазмуну аркылуу окуучуларды тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт.